УДК 372.8 (575.2) (04)

**Козубаев Ө.К.**
*философия илимдеринин доктору, профессор*
**Рысбек кызы Алия**
*кенже илимий кызматкер*

## ЭКЗИСТЕНЦИЦИАЛИЗМ - АДАМ БОЛУМУШУ ТУУРАЛУУ ФИЛОСОФИЯЛЫК ОКУУ

**Козубаев Ө.К.**
*доктор философских наук, профессор*
**Рысбек кызы Алия**
*младший научный сотрудник*

## ЭКЗИСТЕНЦИАЛИЗМ - ФИЛОСОФСКОЕ УЧЕНИЕ О ЧЕЛОВЕЧЕСКОМ СУЩЕСТВОВАНИИ

**Kozubaev O.**
*Doctor of philosophical sciences, professor*
**Rysbek ryzy Aliya**
*Junior research assistant*

## EXISTENIALISM IS A PHILOSOPHICAL DOCTRINE OF HUMAN EXISTENCE

**Аннотация**. Экзистенциализм (жашоо философиясы) – XX кылымдын белгилүү философиялык агымдарынын бири. Окуусунун негизги объекти өз тагдыры үчүн өзү гана жоопту болгон адам. Бул философиялык багыттын көрүнүктүү өкүлдөрү Жан-Поль Сартр, Альбер Камю, Мартин Хайдеггер, Карл Ясперс ж.б. "Экзистенциализм" терминининин автору Сёрен Кьёркегор, адамдын тагдырын философиянын маанилүү темасы катары аныктаган. Макалада экзистенциалдык философиянын калыптануу себептери анын формалары, адам эркиндиги маселеси онтологиялык талдоого алынат.
**Негизги сөздөр:** адам, коом, экзистенция, экзистенциялизм, өмүр, тагдыр, абсурд, эрк, эркиндик, козголоң.

**Аннотация.** Экзистенциализм (философия существования ) – одно из значительных фи лософских течений века, объект изучения которого является человек, ответственный за свою судьбу. Видными представителями этого философского направления являются Жан-Поль Сартр, Альбер Камю, Мартин Хайдеггер, Карл Ясперс и др. Автор термина "Экзистенци ялизм" Сёрен Кьёркегор считал, что проблема человеческой судьбы является центральной в философии. В статье подвергаются онтологическому анализу условия формирования экзи стенциальной философии, ее формы и проблемы свободы человека.
**Ключевые слова:** человек, общество, экзистенция, экзистенциализм, жизнь, судьба, аб сурд, воля, свобода, бунт.

**Abstract.** Existentialism (philosophy of existence) is one of the significant philosophical trends of the XX century, the object of study of which is a person responsible for his fate. Prominent represen tatives of this philosophical trend are Jean-Paul Sartre, Albert Camus, Martin Heidegger, Karl Jaspers and others. The author of the term "Existentialism", Soren Kierkegaard, believed that the problem of

tions for the formation of existential philosophy, its forms and the problems of human freedom.
**Keywords:** man, society, existence, existentalism, life, destiny,absurd,volition, freedom, rebel.

Философия илими биздин заманга чейин 2500-жылдары Чыгыш өлкөлөрүндө – Индияда, Кытайда, Египетте башат алып, өзүнүн байыркы классикалык формасында Грецияда калыптанган. Тарыхта өзүн философмун деп атаган биринчи инсан – Пифагор болгон, ал эми философияны илимдердин илими деп Платон аныктаган, анын окуучусу Аристотель алгач ирет метафизика деп бир бүтүн илимий системага бириктирген. Ошентип, философиянын онтология – болумуш жана анын маңызы тууралуу, гносеология – дүйнөнү таанып билүү тууралуу, логика – ойлом, анын мыйзамдары жана формалары тууралуу, этика – адеп-ахлак, анын нормалары, принциптери тууралуу, эстетика – кооздук, анын табияты тууралуу, социалдык философия – адам, коом тууралуу, философиянын тарыхы – дүйнөлүк философиянын калыптанышы, өнүгүшү, агымдары тууралуу жана башка бөлүктөрү калыптанды. Жалпылап айтканда, философия илиминин предмети – аалам, табият, адам, коом түшүнүктөрүнүн өз ара байланышына жана карама- каршылыктарына мүнөздүү болгон мыйзам ченемдүүлүктөрдү окуп үйрөнүү.

Экзистенциалдык ойчулдар катары биринчи кезекте, адам болумушунун көйгөйлөрүн түшүнгөн, адамды өзүн өзү жараткан субъект катары түшүнгөн философторду айтсак болот. Бул багытта Сократтын, Аврелий Августиндин жана Блез Паскалдын көз караштарын эң алгачкы протоэкзистенциялык көз караштар десек болот. Аврелий Августин «Исповедь» аттуу чыгармасында: «Ооба, Кудайым, мен өзүмдүн үстүмөн иштеп жатам: мен өзүм үчүн оор эмгекти талап кылган субъектке айландым. Биз азыр асман мейкиндигин изилдебейбиз, жылдыздардын ортосундагы аралыкты өлчөбөйбүз, жер эмне үчүн тең салмактуулукта экенин сурабайбыз: мына мен, өзүмдүн менимди, рухумду издейм», - деп жазат[1, 277-б]. Августин адам үчүн ар дайым өзүн, улуу рухту жана Кудайды таанып билүүдөн артык эч нерсе жок деп эсептеген.

Байкалып тургандай философиянын өзөктүү темаларынын бири- адам темасы. Экзистенциалдык философия да адам маселесин өзөктүү тема катары аныктап, адамдын болумушуна, жеке тагдырына өзгөчө көңүл бөлгөн. Бул жөн жеринен эмес. Ары жагын айтпаганда да Байыркы грек философиясында Протагордун "адам бардык бар нерсенин чен өлчөмү" же Сократтын "адам эң алды менен өзүн өзү аңдап билүүсү зарыл", - деген нукура социологиялык мазмундагы алгачкы протоэкзистенциалык координаттар болгон. Коомдук мамилелердин улам татаалданып чиелениши, адамдын жашоо турмушунун маңызы деген сыяктуу маселелер философиялык авансценага чыккан. Адам экзистенциясы – жашоосу жөнүндө маселе Европада Сёрен Кьёркегор, Фридрих Ницше жана башка көптөгөн ойчулдар тарабынан көтөрүлүп келди. Ал эми XX кылымдын биринчи жарымында дүйнөлүк масштабдагы эки чоң алаамат согуштарда миллиондогон курмандыктар адам өмүрүнүн баалулугун, адам темасынын актуалдуулугун болуп көрбөгөндөй арттырды. Натыйжада адамдын табиятын жана маңызын түшүнүү философиядагы актуалдуу маселелердин бирине айланды. Байыркы философ Сократ. адамдын милдети - өзүн өзү аңдап билүү», - деп айтса, экзистенциалисттер философиясынын борборуна адамдын өз тагдырын өзү чечүү милдетин коюшкан. Ошентип XIX-XX кылымдарда калыптанган экзистенциализм окуусу философиянын өнүгүшүнө, жалпы эле мадаништка жана коомго таасирин тийгизген эң маанилүү философиялык окуулардын бирине айланды. Экзистенциализмдин алдыңкы ойчулдарынын катарына Сёрен Кьёркегор, Мартин Хайдеггер, Жан-Поль Сартр, Альбер Камю, Карл Ясперс ж.б. кирген.

Экзистенциализм пайда болгон мезгил Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгил жана маанисиз (абсурд), дүйнө эли алай-дүлөй алааматтан аман калып эмне кылаар айласын таппай, эртенкисин ойлоп чарк айланып карайлап турган мезгил. Согуш кесепетинен улам коомдук мамилелер астын-үстүн болуп аласалып турган аласапыр мезгилде адам экзистенциясы – жашоосу эмне?, - деген суроо көптөгөн интеллектуал ойчулдарды түйшөлттү.

Экзистенциализм окуусу боюнча, адамдын дээри (маңызы) алдын-ала аныктал байт, ал жашоонун жана коомдук мамилелердин элегинен өтүп калыптанат. Ошентип, экзистенциялизм боюнча адамдын табияты анын дээрин аныктабайт, аны жаратуунун шарты гана боло алат. Ушундан улам, экзистенциалдык философия адамдын болумушу анын табиятына гана эмес, өмүр жолунда жасаган тандоосуна да көз каранды экенин көрсөтөт. Адам өзүнүн жашоо жолу үчүн жоопкерчиликтүү болуп, өзүнүн дээрин эркиндиктин жана мүмкүндүктүн негизинде калыптандырат. Ошондуктан, адамдын болумушу жана дээри экзистенциалдык фи

лософиядагы негизги түшүнүктөр катары философиялык орбитада борбордук орунду ээлейт. Экзистенциалдык философиянын бул тезиси актуалдуу, анткени коомдогу гло балдык өзгөрүүлөрдүн учурунда адамдын өзүн өзү аңдап билүүсү, өз ордун, келечегин таамай-таасын аныкташы курч маселе болуп турат.

Экзистенциалдык философия адам та биятынын *коомдук-саясий* жана *экономика-лык* жагына басым жасаган. Европада Би ринчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгил болуп көрбөгөндөй социалдык жана саясий өзгөрүүлөр, катаклизмдер менен мүнөздөл гөндүгү жогоруда айтылды. Согуш учурун да көптөгөн адамдар үй-жайынан, жакын дарынан, бейпил жашоосунан ажырашкан, аларды жашоонун оор шарттары күтүп тур ган. Жакырчылык, жумушсуздук жана ту руксуздук көпчүлүк адамдардын күнүмдүк жашоосунун өзөгүнө айланган. Жан-Поль Сартрдын айтымында, "жумушсуздук бул – кризистик кырдаал"[4, 93-б]. Жумушсуз дуктун шартында адамдын жүрүм-туруму үчүн жоопкерчилик маселеси боюнча Сартр күнөлүүнү бирөөдөн издебей, адам жумуш суздук маселесин чечүүдө өз алдынча алек тенүүсү абзел деп эсептеген. Мындан тыш кары тигил же бул коомдогу *саясий* кырдаал да экзистенциализмдин калыптанышына олуттуу таасирин тийгизген. Ошол жылда ры Европа адам ресурсу үчүн бири-бири ме нен күрөшкөн идеологиялык агымдардын аёосуз чабуулуна кабылды. Фашизм, комму низм жана либерализм согуштан кийинки Европада пайда болгон социалдык, саясий жана экономикалык көйгөйлөргө өз жоопто рун сунуштоого аракет кылышкан. Ошондой шартта, коомдун идеялык-саясий кризиси күчөйт, ал бийлик институттарына, саясий партияларга таасирин тийгизет, моралдык нормаларды бузат, коррупция мамлекет тик бийликтин эң жогорку деңгээлдеринде да барган сайын ачык айкындалат, руханий маданияттын мазмундук жакырлануусу уланып, кылмыштуулук күч алат. Мындай кырдаалда көптөгөн адамдар өз жашоосун жөндөй албай, кырдаалдын оордугуна жа шоонун кунарсыздыгына моюн сунат. Ушул учурдагы бейпил жашоодон түңүлгөн үмүт сүздүк сезими экзистенциализмдин негизи тезистеринин бири болуп калды.

Экзистенциализмдин калыптанышына *экономикалык* шарттар да көмөкчү болгон. Ал убакта дүйнө экономиканын тез өнүгүү мезгилин башынан кечирип жаткан, би рок ал бир калыпта болгон эмес. Көпчүлүк адамдар жарды бойдон калып, ал эми азчы лык чоң байлыкка ээ болушкан. Бул дүй нөдөгү жашоонун жана адилеттүүлүктүн мааниси жөнүндө суроолорго жооп издеген калктын көпчүлүгүндө адилетсиздикке кар шы пикир өрчүгөн. Мунун себебин Дания лык ойчул С. Кьёркегор адам акыл-эсинин мүмкүнчүлүктөрүн абсолютташтыруудан, диний ишенимди жоготуудан көргөн. «Адам кооптонуу сезимине кабылып, анын сазы на батат, анткени адилеттүүлүктү салттуу түшүнүү техногенездин реалдуулуктарына дал келбей адамзатты тунгуюкка камайт. Жакыр адамдын адилеттүүлүк жөнүндөгү жеке ойлору көпчүлүктүн пикири менен дал келбей калат", - деп кабатыр болгон [2, 383-б].

XX кылымдын 1914-1918-жылдарын дагы согуш, чынында эле, цивилизациянын бир доорунун аяктаганынан кабар берген. Аң-сезимдин түпкүрүнөн адам табиятынын эң күңүрт жактары өрчүп, ырайымсыздык, гегемондукка умтулуу, талкалоо, жок кылуу сыяктуу агрессивдүү аракеттери күчөгөн. Гуманистик салттуу баалуулуктар четке кагылып, үрөй учурган ырайымсыз, жырт кычтык инстинкттерге негизделген фаши сттик күчтөр Италияда, Германияда жана Испанияда бийликке келген.

Тоталитардык системалардын пайда болушу жана экинчи дүйнөлүк согуштун апа аттары адамдын аң сезимин пессимисттик сезимдер менен курчап, прогресске, илимге жана акылга, адилеттикке ишенимин азай ткан. Адашуу, индивидуализм, тынчсызда нуу, коркуу – бул ошол мезгилдин негизги эмоцианалдык-психикалык өзгөчөлүктөрү. Тарыхтын ушундай оош-кыйыш мезгилин де экзистенциализм пайда болду. Ал ошол доордогу адамдардын жалпы дүйнө тааны мын күзгүдөй чагылдырган философиялык окуу болду. Бул оор кырдаалда экзистенци ализм тарыхтын, маданияттын жана адам дын кыйроо маселесин түшүнүүнү камтыган суроолорго жооп издеди. Аткени, ал жооп, адамдын инсандыгын аныктаган жашоонун негиздерин табуу үчүн зарыл эле. Дүйнөдө туруктуу жашоо үчүн, адам өзүнүн мүмкүн чүлүктөрүн баалап, ички өзөгүн таба били ши керек эле. Экзистенциалдык философи янын максаты – инсанды чыныгы жашоо маңызын аныктоо, анын адамдык дээрин ча гылдырууга аракет кылуу. Экзистенциализм адамды өзүнүн жан дүйнөсүн жакшылап аңдап билүү үчүн өзүнүн ички сезим-тую муна үңүлүүгө жана өзүнүн «*менине*» кай

рылууга үндөйт. Бул философиялык теория чечкиндүү түрдө адам болумушунун курч көйгөйлөрүн ачып берет.

Экзистенциалисттер XX кылымды тарыхтын кризистик учуру катары карашып, бул гуманизмдин, акылдын жана эркиндиктин кризисин «глобалдык трагедияны билдирет", - дейт. XX кылымда согуш апаатына кабылган калк апокалипсистик корккуу сезимине, салттуу баалуулуктарды жоготуу сезимине кабылгандыгын жогоруда айтылды. Экзистенциалисттер коркунучтуу, кризистик кырдаалдарда адамдардын руханий туруктуулугуна көңүл бурушкан жана акылга сыйбаган иштердин агымында жеке адамдын баалуулугун, анын индивиддик ордун түшүнүүгө аракет кылышкан. Философтордун пикири боюнча, соңку тарыхый катастрофалык окуялар, жеке адамдын гана эмес, бардык адамзаттын алсыздыгын, өз гөрүлмөлүүлүгүн далилдеди. Эгер адам бул дүйнөдө аман калгысы келсе, эң биринчиден өзүнүн ички дүйнөсүн түшүнүп, жеке инсандык уникалдуулугун жана жөндөмүн баалоосу артык экендигине айрыкча маани беришти.

Экзистенциализм окуусу экиге бөлүнөт: диний жана атеисттик болуп. Атеисттик агымдагы философтордун катарына М. Хайдеггер, Ж-П. Сартр, А. Камю кирген. Ал эми диний экзистенциалисттерге К. Ясперс, А. Бердяев, С. Кьёркегор кирген. Атеисттик-экзистенциализм капсалаңдуу каар замандагы жеке адамдын жалгыз калгандыгы, ал өз ордун издеп адашып калбоого болгон жан аракети тууралуу идеяны көтөрөт. Мисалы, Сартрдын "Окшуу" ("Тошнота") романынын баш каарманы Рокантенди айтсак болот. Сартр ушул романы үчүн Нобель сыйлыгына татыган. Бирок, парадокс! Сартр, "мен тек гана адаммын, атактуу наам алып башкалардан айырмалангым келбейт", - деп абройлуу сыйлыкты алуудан баш тарткан. Романдын каарманы Рокантендин мисалында Сартр ар бир жеке адам башка адамдар менен байланышпай туруп жашай албастыгын көрсөтөт. Ошентип, экзистенциалисттер өздөрү жашаган коомду жеке адам индивидуалдуулугун жокко чыгарган жана адамдык болумушунан ажыраткан коом катары сүрөттөшкөн.

Экзистенциализм окуусу боюнча инсан өз жашоосунун маанисин табыш үчүн өзүнүн жолун эркин тандоо керек. Атеисттик вариантта Кудайдын жардамы же күнөөлөрдөн кутулуу түшүнүгү жок. Анын ордуна, атеисттик экзистенциализм чыныгы жашоого (подлинное существование) жетүү үчүн өзүн-өзү өнүктүрүү жана өзүн-өзү аңдап билүү зарыл деп ырастайт.

Теологиялык ишенимдин жактоочулары ошол доордогу адам жашоосунун айрым трагедиялуу жактарын, мисалы, жалгыздык сезими, өзүнө жана дүйнөгө болгон көңүл коштук, кайдыгерлик жана ишенбестик, ошондой эле өлүм коркунучу сыяктуу маселелерди көтөрүшкөн. Алар бул процесстер Кудайга болгон ишенимдин жоголушунун натыйжасы жана атеисттик көз караштын кесепети деп эсептешет. Диний экзистенциализмде Кудай трансценденттүү күч катары каралат. Бирок Сартр жана Камю сыяктуу атеисттердин оюу боюнча, трансценденттүүлүк бар болгону экзистенциянын эң терең сыры катары көрүнгөн гана түккө турбаган жоктук (ничто) дешет. Сартр өзүнүн "Болумуш жана жоктук" (Бытие и ничто) аттуу чыгармасында мындай деп жазган: «Биз болумушту издеп баштадык жана болумуш жөнүндө бир катар суроолор бизди түйшөлтүп келди. Ошентип, максатка жетүүнү ойлогон учурда күтүлбөгөн жерден биз жоктук менен курчалганыбызды аңдадык» [6, 44-б]. Хайдеггер трансценденттүүлүктүн чындыгын рационалдуу билүү мүмкүн эмес, аны «кыйытып түшүшүнүүгө" гана болот деп эсептеген.

Экзистенциализмдин идеологиялык башаты даниялык ойчул С. Кьёркегордун окууларында камтылгандыгы айтылды. Ал биринчилерден болуп адамдын экзистенциясы, анын маңызы тууралуу сөз кылган. Философ адамдын жашоосун эки түргө бөлгөн: чыныгы жана чыныгы эмес (подлинное и неподлинное существование). Чыныгы эмес жашоо – бул адамдын өз тандоосунун жоктугу жана анын коомдук институттарга баш ийүүсү менен мүнөздөлөт. Ал эми чыныгы жашоо адамдын эркиндиги, өз оюн айта алгандыгы, өз алдынча чечим кабыл ала алгандыгы жана ошол жасаган ишине жоопкерчилигин сезгендиги, өзүнүн иденттүүлүгүн сактай алгандыгы менен мүнөздөлөт. С. Кьёркегордун оюу боюнча, чыныгы жашоого келүү үчүн адам бир нече өмүр курагынан (баскычынан) өтөт. Жашоонун биринчи баскычы – . Бул жаш курактагы көз ирмемдик жашоо, бул куракта адам эстетикалык убактылуу гана умтулуулар менен жашайт. Бул баскычтагы жашоо өмүрдүн мааниси тууралуу ойлонбогон, гедонисттик көз караштагы жашоо. Экинчи баскыч –

, мында адам коом алдындагы өз жоопкерчилигин сезип, адептин ар жак – бери

жагын аңдап билет. Бирок, бул баскычда адамды жашоонун чыныгы маанисине жет кире албайт. Үчүнчү баскыч –           . Бул ба скычта адам Кудайды таануу менен ыйманга кайрылып, жашоонун чыныгы маңызын та бат. Кьёркегор айткандай адам өз өмүрүндө ушул үч баскычтан өткөндө гана өзүнүн ин дивидуалдуулугун, жоопкерчилигин жана жашоосундагы өмүр тандоосун түшүнүп, чы ныгы жашоого жете алат. С. Кьёркегор башка маселелерге караганда өмүр-өлүм дилемма сына көбүрөөк көңүл бурган. Ал өлүмдү адам жашоосунун чыныгы аягы деп эсептеген.

Бул маселеге М. Хайдеггер да токтол гон. Бекеринен анын китеби “Болумуш жана мезгил» деп аталган эмес. Анткени, мезгил агымы адамдын жашоосунда чоң мааниге ээ. Адам өзүнүн адамдык дээрин жарык дүйнөдө гү жашоосунун убактылуу экенин билгенде гана түшүнөт. Мартин Хайдеггер салттуу фи лософияга кескин түрдө каршы чыгып, салт туу философия философиялык изденүүнүн жолун жаап, түшүнбөстүккө алып келет деп сынга алган. Ушул себептен ал өзүнүн окуу сун “фундаменталдык онтолгия” деп атап, жаңы концепцияларды сунуштаган. Хайде ггердин пикири боюнча “болумуш” (бытие) - философиянын негизги маселеси болгон жана болуп кала берет, аткени бул адам таг дыры үчүн эң маанилүү маселе. Ошондуктан, философ болумуш түшүнүгүнө өзгөчө көңүл бурат. Ал болумушту имманенттүү трансцен дент деп атаган. Мындай дегенинин себеби, ар-бир адам аны өз жашоосу аркылуу билет, болумушту сырттан издөөнүн кереги жок, ал адамга имманенттүү тийиштүү. Болумушту түшүндүрүү үчүн Хайдеггер “dasein” терми нин колдонот. Dasein терминин которгондо Da- мына    sein- болумуш деп которулат, башкача айтканда бул термин учурдагы адам тууралуу сөз болуп жаткандыгын ту юнтат. Хайдеггердин түшүнүгүндө чыныгы болумуш бул dasein, өз дээри бар инсан ал эми чыныгы эмес болумушту dasman деген түшүнүк менен белгилеген. Dasman түшүнү гү адамдын индивидуалдуулугу жоголгон массалык коомду түшүндүрөт.

Альбер Камю француз философу, Нобель сыйлыгынын лауреаты. Таң калычтуусу, Камю дайыма өзүн экзистенциалисттик фи лософиянын өкүлү эмесмин деп позициялa ган. Камюнун философиясы эки чоң бөлүккө бөлүнөт: абсурддуулук жана ага каршы коз голоң. Адам бул дүйнөнүн татаалдыгын бил бей төрөлөт, бирок адамда табияттан берил ген таанымга, билимге болгон ички умтулуу бар, адам өзүнө азыр ушул тапта мааниси жок дүйнөдөн маани издейт. Дал ушундай жагдайды Камю абсурд деп атаган. Абсурд – бул түшүнүксүз, маанисиз жашоо. А.Камю “абсурд” маселеси адамды эмне кылуусу ту ралуу кыйын тандоонун алдына коёт дейт. Француз ойчулу бул суроого жооп берүү үчүн үч жолду сунуштайт. Алар: 1. абсурддуулуктан чыгуунун жолун издөө, ал табылбаса жан кыюуга чейин баруу; 2. абсурддун алдында моюн сунуп багынып берүү; 3. абсурддуулук ка каршы баш көтөрүп козголоң чыгаруу.

А. Камю Рене Декарттын “Мен ойло ном, демек мен бармын” (“*cogito ergo sum*”) деп аталган атактуу тезасын “Мен козголоң кылам, демек мен жашайм”, - деп өзгөртүп, козголоңду абсурд дүйнөдө жашоонун бир ден-бир ишенимдүү жолу катары көрөт. Анын “Сизиф жөнүндөгү миф” аттуу чыгар масындагы башкы каарман Сизифдей болуп адам акыры бир күнү өлөөрүн билип турса да жарык дүйнөдө өз бактысын Сизиф сымал талбай издей берет, өйдө түрткөн таш сөзсүз кайра артка жылаарын билсе дагы токтобо стон аракеттене берет. Жашоонун абсурд дуулугу дал ушунда. А. Камюнун ою боюнча бир башта бир өлүм бар экендигин биле тура бактылуу жашоого умтулуу – адамзаттын социалдык башкы парзы “Өлүмгө каршы күрөшүү – жашоонун бактылуу маани-маңы зына жетүүгө умтулуу”[3, 52-бет].

Экзистенциализм философиясына зор салымын кошкон дагы бир белгилүү интел лектуал философ - Жан-Поль Сартр экенди гин айттык. Философ өзүнүн эмгектерин де көптөгөн маселелерге токтолгон, бирок анын көңүл чордонунда адам проблемасы турат. Экзистенциализм окуусу Жан-Поль Сартрдын 1938-жылы жарык көргөн “Ок шуу» (Тошнота) аттуу чыгармасынан кийин болуп көрбөгөндөй тез жайылган. Сартрдын философиясындагы негизги идея “адмдын өмүрү (тагдыры) анын дээрин аныктайт” [7, 2-б]. Бул түшүнүктү жеткиликтүү түрдө өзүнүн “Экзистенциализм бул - гуманизм” аттуу эмгегинде караган. Экзистенциализм окуусу боюнча адамдын дээри анын жашоосу, өмүр жолу аркылуу айкындалат. Жан-Поль Сартр адамдын абсолюттук эркиндигин баса белгилеп, эркиндикти адам өз жашоосуна оптималдуу мүмкүнчүлүк түзүүчү күч ка тары көрсөтөт. Сартрдын чыгармасындагы негизги идея – “адам дайыма эркин болууга аракеттенүүгө тийиш”. Философтун айты мында, эркиндик - адам жашоосунун негизги мүдөөсү. Сартр Кантты кайталап: “эркиндик

– бул жоопкерчилик", - деген ойду сап туткан. Анткени, адам өз өмүрүнүн өнөгөлүү, өрнөк түү болуусу үчүн өзүнүн жеке жоопкерчили гине ишенүүсү зарыл, аны башка бирөөгө түртө салууга болбойт.

Экзистенциализм философиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн катарына кирген дагы бир философ К. Ясперс. Анын окуу су өмүр жана өлүм ортосундагы кырдаал жөнүндөгү ойду терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет. К. Ясперс адам жашоосун айрым бир кырдаалдарга байланыштырып мүнөздөйт. Мындай кырдаалдарга адам жолтоо боло албаган тубаса жагдайлар кирет. Мисалы: туулган жери, доору, жынысы ж.б. Мындай кырдаалдан качып кутулуу мүмкүн эмес. Ал эми тубаса берилбеген жагдайлар адамдын өзүнөн көз каранды. Бул анын турмуштагы жасаган тандоосуна жана жоопкерчилиги не байланыштуу. Адам өзүнүн өмүр жолун тандоодо эркиндик негизги ролду ойнойт. Бирок, ар кандай кырдаалда эркин болуу ме нен биргеликте, адам өзүнүн моралдык мил детин да эске алуусу абзел. Экзистенциализм адамдын ой акылында, жүрүм-турумунда же ары эмес, же бери эмес чек ара кырдаалдын болооруна өзгөчө көңүл бурушкан. Хайдег гер үчүн бул нерсе коркуу сезими, ал өмүрдү же жашоо жыргалчылыгын жоготуудан кор кууну түшүндүрбөйт, тескерисинче, адам өз ыктыяры менен өмүрдү жана жашоо жакшы лыктарын курмандыкка чала турган максат ты таппай калуудан коркуусу мүмкүн. Ясперс үчүн, мисалы бул ооруп калуу же өлүм кор кунучу. Ал эми бул маселе Сартр үчүн көңүл калуу, аны курчап турган бардык нерсенин маанисиздигин жана кандайдыр бир кырда алды өзгөртүү аракетинин пайдасыздыгын сезүү. Кандай гана күн болбосун өлүм жана жашоо ортосундагы кырдаал - бул жашоодо гу татаал чек аралык кырдаал.

Демек, экзистенциалистердин ою бо юнча адам жашоодо өз ордун таап, дээрин таанып билиши жана өзүнүн жүрүм-туру мундагы сезим-туюмундагы чек аралык шарттуулукта туура чечим тандоо үчүн эр кин болуп, ошол тандоосунда жооптуу болу шу керек. Экзистенциализм жеке эркиндикке жана өзүнүн иш-аракети жана тандоосу үчүн жоопкерчиликке чоң маани берет, бул адамга өзүнүн индивидуалдуулугун жана кайта лангыстыгын ишке ашырууга мүмкүндүк ачат. Экзистенциализм адамга эркиндикти берүү менен бирге адамды жооптуу болууга үндөгөн. Жалпылап айтканда, экзистенци ализм философиясы С.Кьёркегор, М.Хайде ггер, А.Камю, Жан-Поль Сартр, К.Ясперс сы яктуу философтордун идея-концепттерине негизделген философия. Алардын чыгар маларында экзистенциализм философия сынын негизги идеялары чагылдырылган: жалгыздык, коркуу, эркиндик, бар болуу жана адамдын дээри, чыныгы жана жалган жашоо. Аталган ойчулдар экзистенциализм идеяларын өнүктүрүп, адамды түйшөлткөн суроолорго жооп издешкен, адам жашоосу ндагы көйгөйлөрдү азайтуу үчүн аракетте нишкен. Экзистенциалдык философия адам жашоосунун оош-кыйыш маселелерин чеч кенге, адамдын дээрин түшүнүүгө кенен жол ачкан, андыктан экзистенциализм жөн гана абстракттуу теория эмес, жашоонун практи калык философиясына айланган.

**Адабияттар:**


1. Августин А. Исповедь. -М.: «Гендальф», 1992. 544 с.
2. С. Кьеркегор . Страх и трепет. -М.: Республика, 1993. 488 с.
3. Камю А. Бунтующий человек / пер. с фр.; общ. ред., сост., предисл. и примеч. А. Руткеви ча. –М.: Республика, 1999. 144с.
4. Сартр Ж.-П. Экзистенциализм - это гуманизм / пер. с фр. М. Грецкого. -М.: Иностр. лит., 1953. 323 с.
5. Сартр Ж.П. Бытие и ничто. -М.:Республика, 2000. 639 с.
6. Сартр Жан-Поль. Экзистенциализм – это гуманизм // Электронная библиотека Электронный ресурс Режим доступа: https: // knijky.ru/books/ekzistencializm-eto-guman izm?page=1